УДК 043.3

Жумагулов М.Ж., Абылкасымова Г.А.
Н.Исанов ат. Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети

# КЫРГЫЗ МАКАЛ, ЛАКАПТАРЫНЫН КОНТЕКСТИНДЕГИ ТОЛЕРАНТТУУЛУК ПРОБЛЕМАСЫ

Толеранттуулук проблемасы бүгүнкү күндө саясатчылардын, саясат таануучулардын жана социологдордун, педагогдордун көңүл борборунда гана болбостон, философиянын актуалдуу маселесинин бири болуп эсептелет. Эгерде бардык өткөн тарыхый этаптарда философиянын башкы проблемасы катары «дүйнө-адам» биримдиги каралып келсе, илимий билимдин азыркы өнүгүшүндө этностордун, улуттардын ынтымакка, тынчтыкка жетишүүсү актуалдуу болууда. Адамзат жаңы геосаясый мейкиндикте тынчтыксыз, шайкештиксиз, ынтымаксыз жашоонун келечеги жок экендигин андап түшүнүү зарылдыгы келип чыкты. Философ Кесада Миро Бүткүл дүйнөлүк философиялык конгрессте бул тууралуу мындай деп айткан: «Азыркы адамзаттын эң чоң кемчилиги болуп «өзүнүкү эмести» уга жана түшүнө билбөө, бөлөк нерсеге сабырдуу мамиле кылбоо, таң каларлык өжөрлүк менен бөлөк нерсени душмандыкка айланта билүү саналат». Ушул себептен Кесада «Азыр философиянын негизги маселеси – дүйнөдө жана адамдардын жан дүйнөсүндө тынчтыкты орнотуу», - деп эсептейт [1.L.htm.] Мындан башкача ой-чабыт менен толеранттуулук проблемасынын негизин кыскача аныктоо кыйын болор.

Жаңы геосаясий, геосоциалдык мейкиндикте толеранттуулуктун зарылдыгы объективдүү күн өткөн сайын курчуп баратат. Глобалдуу проблемалар өзүлөрүнө адамзат цивилизациясынын диалектикасындагы түрдүү карама-каршылыктарды камтыйт, мындай жагдайлардын таасиринен сырткары болгон калктарды, элдерди, этносторду табууга мүмкүн эмес. «Глобалдуу проблемалардын чечилиши дүйнөлүк масштабда социалдык-экономикалык мамилелерди түп тамырынан бери өзгөртүүнү талап кылат, коомдук прогресске кызыккан бардык социалдык реалдуулуктагы күчтөрдү, ресурстарды, адамзаттын предметтик-практикалык ишмердигин, активдүүлүгүн, өздүк реализациясын бириктирип, руханий, саясый, илимий-техникалык, табияттын байлыгын пайдалануу жактан эл аралык шериктештикте, биримдикте уюштуруу зарыл» [2.177].

Биздин өлкөдө толеранттуу инсанды жана жүрүм-турумдун толеранттуу үлгүлөрүн калыптандыруу маселеси постсоветтик мейкиндикте улуттук этностук аралык мамилелердин өнүгүшү менен шартталган. Эгерде Совет мезгилинде Кыргызстан бир мамлекеттик системадагы улут аралык карым-катнаштарды ичине камтыса, соңку мезгилде ар түрдүү этностук-улуттук, маданий, диний, экономикалык ар башка багыттагы өлкөлөр менен көп кырдуу карым-катнаштарды түзө баштагандыгы белгилүү. Өлкөлөрдүн эгемендүүлүккө ээ болушу «улут маселесинин» жаңылануусуна алып келди жана улуттук аң-сезимдин өрчүшүнө жол ачты. Социалдык татаал мезгилде «улуттук аң-сезимдин» тегерегинде улутчулдук маанайдын күчөшү мезгил чындыгы үчүн мүнөздүү көрүнүш. Мына ушундай жагдайда элдин, этностордун, улуттардын, жалпы эле жарандардын биримдигин, мамлекеттин бүтүндүгүн камсыз кылуу үчүн толеранттуулуктун мааниси өтө зор.

Бул өңүттө толеранттуулуктун аксиологиялык маани-маңызын кутман элибиздин макал-лакаптарынын негизинде аныктоо абзел.

Толеранттуулук кубулушу (лат. *tolerantia* - сабырдуулук) – өзгөчө ыймандык сапат, башка улуттагы, диндеги, социалдык чөйрөдөгү, башка көз карашы, дүйнөтааныны, ой жүгүртүү ыкмасы жана жүрүш-турушу бар адамдар же топтор менен өз ара жакшы карым-катышка психологиялык даярдыкты жана активдүү социалдык позицияны билдирет. Толеранттуулуктун өзүнүн болмуштук маанисинде жана адамзаттын жеке

өзгөчөлүк көрүнүштөрүнүн, формаларынын жана маданияттардын көп түрдүүлүгүнүн баарын түшүнүү, кабыл алуу жана аларга урмат-сый менен мамиле кылуу болуп саналат.

Кыргыз дүйнө таанымынын контекстинде толеранттуулук бир катар айрым сапаттарды; маселен, сабырдуулукту, чыдамдуулукту, кичипейилдүүлүктү, айкөлдүктү, токтоолукту, унчукпоону, кечиримдүүлүктү, урматтоону, боорукердикти, кайраттуулукту мүнөздөйт. Аталган баалуу атуулдук, этностук-улуттук касиеттерди кыргыз элинин макал, лакаптарынын мисалында толеранттуулук проблемасын карап чыгуу мааниге ээ, анткени кутман калкыбыз өзүнүн дүйнө таанымын, маданиятын, рухун макал, лакаптарында даана жандуу жана күчтүү, терең ишенимдүү көрсөтөт.

Макал, лакаптар – социалдык-маданий тарыхый өнүгүшүнөн, элдин күнүмдүк турмушунан, бай тажрыйбасынан келип чыккан, философиялык, көз караштык тереңдикти өзүнө камтыган, адамдын таанып билүү ишмердүүлүгүнүн натыйжасы. Макалдар ар бир этностун, улуттун калыптанышынын күзгүсү болуп саналат.

Материалдык жана маданий баалуулуктар менен бирдикте муундан-муунга мурасталып келген макал, лакаптар баалуу көөнөрбөс рухий этникалык белгилер катары эсептелет. Кыргыз менталитетине таандык болгон сабырдуулук, чыдамдуулук, токтоолук сапаттар макал, лакаптарда кылымдардын имманенттүү мазмунунда кылымдар бою сакталып келген: «Сабырдын түбү сары алтын, санабай билгин кымбатын», «Сабырдуу адам жылдыздуу», «Сабырдуу болсоң озорсуң, сабырсыз болсоң осолсуң», «Сабырдуулук бакыттын ачкычы», «Сабырдуулук акылмандын шериги», «Сабырдуунун башына алма бүтөт, сабырсыздын башына кайгы түшөт», «Сабырсыздын иши тамырсыз», «Чыдаган карышкыр эт жейт, чыдабаган жүн жейт», «Токтоолук - бакытка алып баруучу ырыстуу жол» ж.б.

Коомдук илимдердин маңыздык өзгөчөлүктөрүнүн контекстинде толеранттуулук либерал-демократиялык баалуулуктардын система түзүүчү принциби катары түшүндүрүлөт. Дал ушул баалуулуктардын призмасы аркылуу толеранттуу инсандын критерийлери, зордук-зомбулуксуздук этикасы, дискриминациялык тажрыйбанын шартында интолеранттуулуктун (сабырсыздык) көрүнүшү каралат. Инсандын толеранттуу аң-сезими баалуулуктардын төмөнкү системасына негизделет: адам укуктарынын презумпциялары, башка адамдардын кемчиликтерине, алсыздыктарына жана каталарына чыдамдуулук көрсөтүү, ынтымак жана конфликттерди зордук-зомбулуксуз чечүү нарктары ж.б. Социалдык-маданий мейкиндикте толеранттуулук саясий-нравалык чөйрөнү жөндөгүч зор идеологиялык мааниси бар жана маданий шартталган түшүнүктөрдүн негизинде индивиддин жүрүм-турумунун белгилүү бир үлгүсүн бекемдейт. Күнүмдүк чыгармачыл иш-аракетте толеранттуулук зордук-зомбулуксуздук этикасын жигердүү реализациялоо катары көрүнөт.

Ушул өңүттө зордук-зомбулукка байланышкан макал, лакаптарга көңүл буруу абзел: «Күчтүү күчсүздү жеңет», «Күч атасын тааныбайт», «Тизелешкендин тизесин бүк, белдешкендин белин бүк», «Күчтү күч токтотот», «Муш бергенге аш берген – намыссыз», «Кан канды, кек кекти жаратат» ж.б. Ошол эле убакта зордук-зомбулуксуздук этикасына карата макал, лакаптар калк арасына кеңири тараган: «Күч биримдикте», «Күч акылга баш ийет», «Зулум эшиктен кирсе, ырыс түндүктөн чыгат», «Күчөнгөн жеңбейт», «Зордун түбү кор болот, туздуу жерде шор болот», «Зордуктун акырети кордук», «Кастыктын түбү-көмүр, достуктун түбү-өмүр», «Касташсаң да кастын намысын кордобо», «Душманга өлүм тилегиче өзүңө өмур тиле», «Кастыктан жаракат, достуктан ыракат», «Кылычынан кан тамганды, тилинен бал тамган жеңет», «Бирөөгө ор казсаң өзүң түшөсүң» ж.б.

Байыртадан бери эле кутман калкыбыз көчмөн жашоо-тиричилигинин шартында элдик биримдиктин, достуктун, тынчтыктын нарктуулугуна маани берип, аларды адам болмушундагы нравалык сапаттар деп эсептеген. Мындай жагдайда социалдык-маданий кыйынчылыктардын, карама-каршылыктардын бардыгын руханий дөөлөт менен ынтымак жеңген, кыргыздардын нравалык, ыймандык касиеттери бийик сапаттары коомду өнүктүрүүнүн башкы багыттарынын бири болгон. Көчмөн турмуш малды ортодо кармоого аргасыз кылып, өзүмчүлдүккө бөгөт коюп, адамды ынтымактуулукка,

кайраттуулукка, чыдамдуулукка тарбиялаган, зомбулук, зөөкүрдүккө жол берилген эмес. Кыргыз элинин улуттук, этностук аң-сезиминин мурасы, көөнөрбөс байлыгы болуп келген ынтымакчылык менталитетттик өзгөчөлүгү азыркы күнгө чейин макал, лакаптарда сакталып, туюнтулган: «Ырыс - алды ынтымак», «Бирдик болбой, тирдик жок», «Ынтымагың жок болсо алдыңан таяр алтын так», «Эки шумкар талашса, бир каргага жем болот», «Бөлүнгөндү бөрү жейт», «Эки эрдин достугу бир белден ашырат, эки элдин достугу миң белден ашырат» ж.б. Маданий-цивилизациялык мейкиндикте калкыбыздын рух дүйнөсүндөгү биримдик, ырашкердик өзүнүн баалуулугун, нарктуулугун сактап келген. Кыргыз акылмандыгы илгертен эле ушундай философиялуулуктун нугунда функцияланып, муундан муунга мурасталгандыгы белгилүү.

Табият адамдардын жашоосунда негизги ролду ойногонун, бүтүндөй этнос биосферанын бир бөлүгү экенин түшүнүп, кыргыздар табиятка аяр, сарамжал мамиле жасап келишкен. Күнүмдүк турмушунда мал-жан менен алек болуп чоңойгон кыргыз баласынын менталитетинде жалпы жаныбарларга этияттык мамиле жасоосу, ата-бабаларыбыздын мурдагы тарыхый доорлордо түптөлүп, калыптанган жаратылыш менен болгон шайкеш карым-катыш тажрыйбасы боорукердик, мээримдүүлүк сапаттарын калыптандырган: «Чөптү кордосоң, көзгө зыян», «Асманга түкүрсөң, бетиңе түшөт», «Аарынын уюгуна тийбе», «Ат сыйлаган азабынан кутулат» ж.б. Келтирилген мисалдарда кыргыз элинин экологиялык аң-сезими, экологиялык акылмандыгы байкалып турат.

Маданий-цивилизациялык процесстин контекстинде исламдын табиятында камтылган рухий баалуулуктар системасы өзүнүн толеранттуулугу, гумандуулугу, демократиялуулугу менен олуттуу айырмаланат. Жарандык коомдун өсүп-өнүгүүсүндө исламдык-моралдык баалуулуктардын тийгизген таасири жигердүү экендигин байкоого болот. Мисалы: «Молдо менен жүрсөң, ыйманың озор, араба менен жүрсөң, ыйманың тосор», «Динсиздин адебин ыймансыз бериптир» ж.б. Бул макалдар ыйман түшүнүүчүлүктүн түбүн түптөп, ырксыздыктан сактайт деген мааниде айтылат. Толеранттуулукту диндин негизин түзүүчү көрүнүш катары кароо ислам жана ар башка диндерди тутунуучуларга кол кармаша жашоону эске салат.

Кыргыздардын этикалык, гуманисттик даанышмандыгы, адамдын жакшылыкка жетүү үчүн ишенимдүү куралы – кечиримдүүлүк, айкөлдүк, мээрим болуш керек деген акыл-ой уюткулары болуп саналат. «Таш менен урганды аш менен ур», «Сүт бербегенге сүт бер», «Атаңды өлтүргөнгө энеңди бер», «Жакшылыкка жакшылык – ар кишинин иши, жамандыкка жакшылык – эр кишинин иши, жамандыкка жамандык – көр кишинин иши» деген макалдар, жалпысынан, толеранттуулукту туюнтуп турушат. Мындай ой-бүтүмдөр дүйнөлүк улуу этикалык-философиялык идеялар («зордуксуздук философиясы») менен үндөшүп турат.

Кыргыз элинде, анын көөнөрбөс маданият дүйнөсүндө кеп адебине өтө чоң маани берилген. Кеп адеби – адамдын психологиялык, ички рухий дөөлөтүнүн, ой жүгүртүү маданиятынын көрсөткүчү. М.Кашкаринин «Түрк тилдеринин сөздүгү» аттуу баалуу эмгегинде «Тил арслан турур, эшигиңде йатур» (тил – босогоңдо жаткан арстан) деген макал жазылган. Ата-бабаларыбыз кепти курч, өтө таасирдүү курал катары баалашып, ага этият мамиле кылууга үйрөнүшкөн: «Айтылган сөз – аткан ок», «Жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет», «Ириген ооздон чириген сөз чыгат», «Жакшы сөз – жарым ырыс» деп кепти жакшылыкка, аруу тилекке гана багыттоого үндөшкөн. Кыргыздар инсан, жарандар аралык өз ара карым-катыштарга абдан кылдат мамиле кылышкан. «Керегем сага айтам, келиним, сен ук, уугум сага айтам, уулум, сен ук» деген макалдар коммуникативдик маданияттын деңгээлинин жогору экенинин айкын далили.

Кыргыз маданиятында унчукпоо улууга ызаат-сый көрсөтүүнүн белгиси болуп бааланып келген. Макал, лакаптарда элдин жаш муунду кичипейилдүүлүккө, улууларга урмат менен мамиле кылууга багыттоочу көз караштары мындайча чагылдырылган: «Унчукпаган улуу иш», «Сөз–күмүш, унчукпоо – алтын», «Тилин тишине каткан жакшы адат», «Күчүңдү тилинен чыгарба, ишиңен чыгар», «Азаматтын жакшысы азыраак сүйлөп көп тыншайт» ж.б.

Калайык калкыбыздын дүйнө таанымына кеңири синген макал, лакаптардагы «өз» – «жат» антитезасына кайрыла турган болсок: «Өздүкү өздөй, өзгөнүкү көгөртө койгон көздөй», «Жат жарытпайт, өз өлтүрбөйт», «Урушса да, өз жакшы, талашса да, өз жакшы», «Өзбөк кетип, өз калдык» деген макалдар, Л.Н.Гумилёвдун пикири боюнча, этникалык системадагы, индивиддер арасындагы мамилелер комплиментардуулуктун (комплиментардуулук — оң, терс мааниде адамдарды «өз» жана «жат» деп бөлүүнү аныктаган сокур сезимдеги өз ара жактыруучулук же жактырбоочулук туюм-сезим) негизинде түзүлөт: «Комплиментардуулук принциби этностун денгээлинде, болгондо да таасири күчтүү түрүндө учурайт. Мында ал партиотизм деп аталат, ал тарыхтын компетенциясына таандык болот, анткени элдин ата-бабасын урматтабай туруп, анын өзүн жакшы көрүү мүмкүн эмес. Эреже боюнча, этника ичиндеги комплиментардуулук этносту сактап туруучу зор күч катары ага өтө пайдалуу» [3, 224].

Көчмөн кыргыз элинин жат душмандардан кордук көргөндүгү тарыхтан, маданий эстеликтерден орун албай койгон эмес. VI-VIII кылымдарга тийиштүү Орхон–Енисей эстеликтеринин биринде, мисалы, Күлтегиндин эстелигинде: «Биз найза бойлобогон кардуу жерден жол салып, Көгмөн тоосун ашып түшүп, түнүчүндө уктап жаткан кыргыздардын таш-талканын чыгардык», - деп жазылган [4, 32]. Кыргыз урууларына каршы болгон буга окшогон баскынчылык казаттар байыркы уйгурлар (VIII-X кылымдар), кидандар (кара кытайлар, X-XII к.), монголдор (XII-XШ к.), ойроттор, жунгарлар (калмактар, XVI-XVIII к.) ж. б. уруулар, элдер тарабынан, башкача айтканда, миң жылдар бою орун алып келгендиги тарыхта белгилүү. «Калмак – кыргыз жоо болсун, кара жаным соо болсун», «Кытай кыйнаганына төө кайтартат», «Кара кытайдай каптап», «Моңолдор - жуттун угуткусу», «Моңолдорду кыйнаса, коломтодон күкүрт чыгат» деген макал, лакаптарда этнонимдердин аталышы кокустан эмес.

Кыргыз эли жоокерчилик заманда өзүнчө элдигин сактап, тыштан келип кол салган жоого каршы калкты баштап чыгуучу баатырлардын эрдиги кыргыз макал, лакаптарда «изин» калтырбай койгон эмес: «Баатыр болсоң, шер бол, коркок болсоң, жер бол», «Баатыр туулса эл үчүн, жаан жааса жер үчүн», «Калкынан азган кор экен, элдүүнүн бары эр экен», «Элинен азган жигитке эртелеп өлүм эп экен» ж.б. Келтирилген ой-бүтүмдөрдүн көз караштык, идеялык мазмуну кыргыздардын четтен келген баскынчыларга жана өздөн чыккан жаттарга каршы күрөшүүдө ашкан эрдик, баатырдык аракеттерине байланыштуу деп айтуу чындыкка туура келет. Ата-бабаларыбыздын тууган жерди сүйүүгө, ошондой эле эл достугуна, ар бир адамды, адилеттүүлүк, эрктүүлүк, туруктуулук мүнөздө тарбиялоого байланышкан жалпы адамзаттык рухий асылдыктар макал - лакаптарда кенен орун алган.

Кыргыздар жоокер, эр жүрөк, баатырдыкты даңктаган калк болуу менен бирге эле, боорукер, эл болгону маалым. Кыргыз этносу өткөн кылымдардан бери көптөгөн элдердин өкүлдөрүн, жарандарын өз бооруна тартып, толеранттуулукту көрсөтүп, аларга тиешелүү шарттарды түзүп, этникалык топ, эл катары жок болуудан аман алып калганын биздин тарыхыбыз тастыктайт.

Ушул өңүттө макалдар элдин болмушун, менталитетин жана жашоо өрнөгүн (образын) чагылдыргандыктан, мазмуну бай кыргыз макал фондусунда, сейрек кездешкен кээ бир макал, лакаптардан башка өлкөлөрдүн жана элдердин өкүлдөрүнө жек көрүүнү билдирген паремиологиялык бирдиктердин жок экендигин белгилөөгө болот.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз коомунун социалдык-экономикалык, маданий-нравалык өнүгүшүнүн азыркы этабы үчүн актуалдуу болгон социалдык жана улуттук, этностук толеранттуулук проблемасы терең тарыхый-рухий негиздерге ээ. Толеранттуулуктун көрүнүштөрү элдин маданий-рухий ишмердигинде, анын ичинде макал, лакаптарында кеңири чагылдырылган. Макал, лакаптардын системасы, алардын көз караштык, философиялык жана гуманисттик маани-маңызы кыргыздардын улуттук, этностук мүнөзүнүн жалпыланган образын толуктоого жана тактоого, кыргыз адамы тууралуу айрым шаблондуу түшүнүктөрдү түзөтүүгө жана бир катар учурларда кыргыз элибиздин дүйнөнүн башка өлкөлөрүнүн калктары, жарандары менен өз ара түшүнүүсүнө жана жакындашуусуна, ырашкердикте болушуна тоскоол болгон стереотиптерди жокко

чыгарууга реалдуу мүмкүндүктөрдү түзөт.

**Адабияттар:**


1. Лутай В.С. Синергетическая парадигма как философско-методологическая основа решения главных проблем XXI века — http: // synergetics.org.ua/pics/Lutay.htm.
2. Тогусаков О.А., Жумагулов М.Ж., Байбосунов К.Б. Философия: Окуу куралы. – Б., 2007 – 177 бет.
3. Гумилёв Л.Н. Этногенез жана Жердин биочөйрөсү. – Б.,1999. – 224 бет.
4. Малов С.Е. Памятники древнетюркской письменности. - М.– Л.1951,стр.32.